**Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу**
*(2017-жылдын март айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык рыногунда коммерциялык банктардын үстөк ликвиддүүлүгүнүн орто күндүк деңгээли өткөн айга салыштырмалуу 1,2 млрд сомду түзүү менен 9,5 пайызга төмөндөгөн.

Ички банктар аралык кредит рыногунда улуттук валютада стандарттык бүтүмдөр жана репо бүтүмдөрү келишилген. Мында, аталган бүтүмдөр, тиешелүүлүгүнө жараша жылдык 1,63 пайыз (+0,13 п.п.) жана жылдык 1,64 пайыз (+0,10 п.п) орточо салмактанган чен боюнча келишилген. Отчеттук мезгил ичинде ички рынокто улуттук валютада стандарттык бүтүмдөрдүн көлөмү 70,5 млн сомду түзүү менен 35,7 пайызга төмөндөшү катталган. Репо шарттарында операциялар көлөмү 35,3 пайызга, 89,9 млн сомго чейин өскөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын “овернайт” кредиттерине карата суроо-талап орун алган эмес. Мында, коммерциялык банктар Улуттук банкта 224,8 млрд сом суммасындагы (-10,9 пайыз) каражатын “овернайт” шартында депозиттерге жайгаштырган.

Кароого алынып жаткан мезгил кредиторлордун концентрациялануу индексинин 0,05-0,36 чейин, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индексинин 0,39-0,74 чейин бир аз көбөйүшү менен мүнөздөлгөн. Бул индекстердин мааниси рыноктун концентрациялануусунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто үч негизги кредитордун жана бир карыз алуучунун катышкандыгына дал келет.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде резидент эмес - банктар менен чет өлкө валютасында келишилген кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү 6,0 млн сом эквивалентине чейин жогорулашы байкалган. Банктар-резидент эместер менен кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн айга салыштырмалуу 7,7 п.п. төмөндөө менен 0,9 пайызды түзгөн.

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**



## 2-график. Банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы




**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2016 | 03 | 190,0 | 2 | 12,8 | | | | | | | | | | | 100,0 | 10,0 | 90,0 | 16,0 | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 170,0 | 2 | 12,2 | | | | | | | | | | | | | | | 170,0 | 12,2 | | |
| | 06 | 50,0 | 1 | 3,5 | | | | | | | 50 | 3,5 | | | | | | | | | | |
| | 07 | 150,0 | 3 | 5,3 | | | | | 100,0 | 3,5 | | | | | | | | | 50,0 | 9,0 | | |
| | 08 | 100,0 | 2 | 3,5 | | | | | 100,0 | 3,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 100,0 | 2 | 3,5 | | | | | 100,0 | 3,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 91,8 | 2 | 1,4 | | | 32,0 | 1,3 | | | 59,8 | 1,5 | | | | | | | | | | |
| | 11 | 250,2 | 4 | 4,6 | | | | | 90,0 | 2,7 | 60,2 | 1,8 | | | | | 100,0 | 8,0 | | | | |
| | 12 | 20,0 | 1 | 2,0 | | | | | | | | | 20,0 | 2,0 | | | | | | | | |
| 2017 | 01 | 252,2 | 5 | 3,2 | | | | | 134,0 | 1,8 | 46,2 | 1,8 | | | | | | | | | 72,0 | 6,7 |
| | 02 | 19,7 | 1 | 1,5 | | | | | | | 19,7 | 1,5 | | | | | | | | | | |
| | 03 | 70,5 | 4 | 1,6 | | | | | 6,9 | 1,5 | 20 | 1,5 | 43,6 | 1,7 | | | | | | | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2016 | 03 | 467,2 | 11 | 7,1 | 104,0 | 7,3 | 169,4 | 4,7 | 193,8 | 9,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 475,2 | 8 | 2,1 | 5,9 | 2,0 | 64,8 | 1,5 | 307,4 | 2,4 | 97,0 | 1,5 | | | | | | | | | | |
| | 05 | 498,5 | 9 | 1,5 | 16,2 | 2,0 | 120,3 | 1,5 | 362,0 | 1,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 135,1 | 3 | 1,1 | | | 69,5 | 1,3 | 65,6 | 1,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 147,4 | 5 | 1,8 | 31,1 | 2,0 | 45,6 | 2,0 | 70,8 | 1,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 513,0 | 17 | 1,9 | 249,1 | 2,0 | 62,4 | 1,8 | 201,6 | 1,9 | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 105,8 | 1 | 1,4 | | | 105,8 | 1,4 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 291,5 | 7 | 1,5 | | | 276,4 | 1,5 | 15,1 | 1,5 | | | | | | | | | | | | |
| 2017 | 01 | 19,1 | 2 | 1,5 | | | 8,2 | 1,5 | 10,9 | 1,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 66,5 | 6 | 1,5 | | | 57,4 | 1,5 | 9,1 | 1,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 89,9 | 7 | 1,6 | 14,0 | 2,0 | 9,9 | 1,5 | 19,0 | 1,5 | 18,351 | 1,5 | 28,6 | 1,7 | | | | | | | | |

**3-таблица. Резидент банктардын ортосунда четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2016 | 03 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 17,7 | 1 | 2,0 | | | 17,7 | 2,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 17,9 | 1 | 2,0 | | | | | 17,9 | 2,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2017 | 01 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |